КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Медициналык колледжи

«БЕКИТЕМИН»

ОшМУнун Медициналык колледжинин директору, м.и.к., доцент

Арыков З.С.

______________

15-сентябрь, 2023-жыл

“МАКУЛДАШЫЛДЫ”

ОшМУнун- Аялдар кенешинин төрайымы Сейитказыева Г.И.

______________

15-сентябрь, 2023-жыл

**Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинин**

**2023-2024-окуу жылы үчүн түзүлгөн Аялдар кенешинин**

# КОМПЛЕКСТҮҮ ИШ ПЛАНЫ

**2023 - 2024-жыл**

# УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Университеттин миссиясы**

- Компетенттүүлүк мамиле менен заманбап билим берүү процессинде сапаттын кепилдигин камсыздоо;
- билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграциялануу;
- жаштарда адептик, маданий жана илимий баалуулуктарды, улуттук, руханий маданиятты калыптандыруу;
- Мамлекеттин экономикалык, социалдык, маданий, саясий өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүктө, илимде жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо.

**Университеттин келечекке карай максаты** – ОшМУну классикалык университеттен - дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөөчү жана инновациялык университетке трансформациялоо.

**Стратегиялык максат** – Дүйнөнүн алдынкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУну Борбор Азиядагы эң алдынкы 3 университеттердин бирине айландыруу.

**Баалуулуктары:**

- АДАМ РЕСУРСУ – университеттин негизги байлыгы;
- АРДАГЕРЛЕРИБИЗ – университетибиздин куту.
- ОРТО МУУН – окуу жайыбыздын жүзү.
- ЖАШТАРЫБЫЗ – университетибиздин келечеги.
- СТУДЕНТТЕРИБИЗ – элибиздин эртеңи.
- Муундар ортосундагы байланышты бекем кармоо аркылуу.
- КЛАССИКАЛЫК БИЛИМ+ИЛИМ жана ИННОВАЦИЯ+РУХАНИЙ МАДАНИЯТТЫ айкалыштырган университетти өркүндөтүү!

**Университеттин ишмердүүлүгүнүн негизги принциптери:**

- Башкаруунун философиясын өзгөртүү;
- Университеттин ишмердүүлүгүндөгү ачык-айкындуулук, демократиялуулук;
- Университетти башкарууга жамааттык катышуу;
- Социалдык жоопкерчилик;
- Жамааттагы ар бир адамга калыстык менен мамиле кылуу;
- Өз ара карым-катыш (тармактык, жамааттык карым-катыш);
- Ийкемдүү ыңгайлашуу;
- Бардык ишмердүүлүктө системалуу ой жүгүртүүнү калыптандыруу;
- Университеттин ишмердүүлүгүн гумандаштыруу;
- Жетекчилер жамаатка, окутуучулар студенттерге, кызматкерлер университетке ак дилден кызмат кылуусуна жетишүү.

Университеттин Аялдар коомунун иш-аракеттери студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмүнүн алкагында Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдарында өнүктүрүү концепциясынын VII стратегиялык багытына ылайык жүргүзүлөт.

## *VII. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ*
## *Адамгерчилик жана руханий тарбия, ден соолук жана спорт*

| Стратегиялык максаттар | Милдеттер |
|---|---|
| **1. ОшМУ – жарандыкбилимберүү жана руханий патриоттулукка тарбиялоо борбору** | 1.1 Жаштарда патриоттуулукту, жарандык жоопкерчиликти, руханий маданиятты улуттук таалим тарбияны, салттуулукту сактоо сезимдерин калыптандыруу.<br>• Жаштар жана гендердик тең укуктуулук боюнча глобалдык нормалар менен стандарттарды пропагандалоо боюнча кеңири түшүндүрүү иштерин өткөрүү жана уюштуруу.<br>• «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын» жоболорун ишке ашыруу максатында туруктуу өнүгүүнү ишке ашыруудагы гендердик тең укуктуулуктун прогрессивдүүлүгү боюнча факультеттерде жана студенттик жатаканаларда түшүндүрүү иштерин уюштуруу жана өткөрүү.<br>• Жарандык жоопкерчиликти жана патриоттуулукту, улуттар аралык ынтымакты жана элдердин достугун өнүктүрүү максатында улуттук борборлордун белгилүү өкүлдөрү, эмгектин, согуштун ардагерлери, коомдук, мамлекеттик ишмер аялдар менен жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү.<br>• КРдин Эгемендүүлүк майрамы күнүн, Билим күнүн, Мамлекеттик тил күнүн, Мекенди коргоочулар күнүн, Энелер майрамын, КРдин Конституция күнүн, Жеңиш күнүн, КРдин мамлекеттик символикаларынын күндөрүн ж.б. арналган иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү |
| | 1.2 Жаштардымаданий-эстетикалык жактантарбиялоо<br>• Илимдин жана искусствонун ишмерлери, жазуучулар менен жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү.<br>• Студенттердин маданий иш-чараларын, ж.б. уюштуруу.<br>• Мүмкүнчүлүгү чектелген жана үй-бүлөлүк аялуу кыздар менен иш алып баруу. |
| | 1.3 Дене тарбия жана дени-сак жашоо образын калыптандыруу.<br>• «Үй-бүлө курууга карата» лекцияларды студенттер үчүн уюштуруу жана өткөрүү.<br>• СПИД, туберкулез, наркомания, алкоголизм, ж.б. көйгөйлөр боюнча атайын врач жана тиешелүү адистер менен баарлашуу, лекция, кечелерди студенттер арасында уюштуруу жана өткөрүү.<br>• Коомчулукта интеллигенциянын жүрүм-туруму, кийинүү адеби боюнча түшүндүрүү иш-чараларын жүргүзүү, конкурстарды уюштуруу. |
| **2. Студенттик өзүн-өзү башкаруу институтун өнүктүрүү** | 2.1 Студенттик чыгармачылык топторду, клубдарды жана уюмдарды колдоо<br>• Бардык иштерде Ыктыярчылар коомун түзүү.<br>• Университеттин алкагында Лидерлик окууларды уюштуруу.<br>• Факультеттерде адистик уюмдарды Интенсивдүү программалар (тил үйрөтүү, кол өнөрчүлүк, чыгармчылык, суллуулук, педагогикалык чеберчилик) долбоорлордун сунуштарын талкуулоо жана иштеп чыгуу, жеңүүчүлөрдүн долбоорлорун факультеттерде эксперименттөө.<br>• Университеттин кыздар уюмдары жана жаштар саясаты жөнүндө маалыматтарды сайтка маалымдап чагылдыруу |

| | |
|---|---|
| | 2.2 Гендердик саясаты боюнча мамлекеттик органдар тарабынан өткөрүлгөн долбоорлорго жана тендерлерге катышуу.<br>• Жаңы долбоорлор жана сунуштарды талкуулоо жана иштеп чыгуу.<br>• Гендердик маселелер боюнча программаларды иштеп чыгуу.<br>• ОшМУ кыздарынын корпоративдик маданиятынын кодексин иштеп чыгуу. |
| **3. ОшМУнун ишмердүүлүгүн коомчулукка кеңири жеткирүү аркылуу аброюн көтөрүү.** | 3.1. Университеттин маалымат порталына Аялдардын иш-аракеттерин чагылдыруу |
| | 3.2. Университеттин артыкчылыктарын, өзгөчөлүктөрүн, күчтүү жактарын коомчулукка жеткирүү.<br>ТВ, радио, газета, журнал, онлайн ресурстар, ютуб каналы ж.б. заманбап жолдор аркылуу |
| | 3.3. Университеттин ишин республикалык жана чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу |

## Ош МУнуналдындагы Медициналык колледжинин миссиясы

**1.1. Колледждин миссиясы** — кадрларды даярдоонун максаттуу тармагы катары практикага багытталган, үзгүлтүксүз өзгөрүп турган рыноктук чөйрөнүн шарттарында өзүн жеке жана профессионалдык планда көрсөтүүгө даяр, квалификациясы татыктуу(жогорку) деңгээлдеги атайын орто билими бар адистерди даярдоо.

1.2. **Ош МУнун алдындагы Медициналык колледжинин өнүгүүсүнүн стратегиясы**

ОшМУнун алдындагы Медициналык колледжинин өнүгүү стратегиясы билим берүүчү мекеменин миссиясы - активдүү граждандык позициясы бар, эмгек рыногунун суроо-талаптарына жооп берүүчү, квалификациясы татыктуу деңгээлдеги атайын орто билимдүү адистерди даярдоо менен аныкталат.

Реформаланууга дуушарланып жаткан Кыргызстандын саламаттыкты сактоо системасына колледждин тийешелүүлүгү жана көз карандылыгы ага бул тармактагы жагдайдын абалына байланыштуу болгон бир топ талаптарды коёт. Кыргызстандын учурдагы саламаттыкты сактоо системасы татаал динамикалык экономикалык жагдайда өнүгүп жатат. Анын ишмердүүлүгүнө дүйнөлүк экономикалык кризиске байланыштуу терс таасирлери өзүнүн жагымсыз залакасын тийгизет. Ошону менен бир катарда Кыргызстандын саламаттыкты сактоо системасы өзүнүн приоритеттүү абалын өлкөдө жоготкон жок. Дарылоочу-профилактикалык мекемелер адистер үчүн өзүнө көңүл бурдурган жумушчу орун катары сакталууда.

1. Мындай шарттарда колледждин өнүгүү стратегиясы көп профилдүү медициналык мекемелерде иштөөгө багытталган, рыноктук мамилелердин шартында аракет этүүгө жөндөмдүү болгон атаандаштыкка мүмкүндүгү бар адистерди даярдоого багытталышы абзел.

2. Жогорку деңгээлде өнүккөн илимий-педагогикалык потенциалы бар билим берүүчү мекеме гана илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктеринин негизинде адистерди даярдоону ишке ашыра алат.

Ошондуктан ОшМУнун алдындагы медициналык колледжинин өнүгүүсү кадрлардын потенциалдарынын өнүгүшүнө, инновациялык процесстерге, башка орто жана жогорку медициналык билим берүүчү мекемелер менен илимий байланыштарды кеңейтүү маселелерине үзгүлтүксүз байланышкан. Мында жалпы адамзаттык идеяларды, профессионалдык-баалулукка багыт алуучулукту жана инсандын руханий өзгөчөлүгүн ireттүү бириктирген колледждин окутуучуларынын профессионалдык-педагогикалык маданиятын камсыз кылуу чоң мааниге ээ болот.

3. Педагогикалык технологияда эки курамдык тутум аныкталат: окутуу технологиясы жана тарбиялоо технологиясы. Бул тутумдардын бүтүндүгүн түзүү бүтүн педагогикалык процессти – окуу-тарбия процессин түзүүгө мүмкүндүк берет. Ал колледжде студентти окутуунун, тарбиялоонун жана анын инсандык дараметин өнүктүрүүнүн бирдиктүүлүгүн камсыз кылууга багытталат.

4. Билим берүү процессин өркүндөтүүнүн негизинде сапатты, аны көзөмөлдөөнү жана башкарууну уюштурууну иштеп чыгуу жана өнүктүрүү жатат. Колледждин сапатынын өздүк системасын калыптандыруу, ошондой эле билим берүү процессине активдүү педагогикалык мониторингди киргизүү башкаруучулук чечимдерди өз учурунда жана туура кабыл алууга, билим берүүнүн сапатын баалоого мүмкүндүк берет.

5. Сапатты башкаруунун системасын түзүүнү колледж менен жумуш берүүчүлөрдүн ортосундагы тескери байланыштын болушу камсыз кылат. Анын жардамында окуу процессин уюштурууга түзөтүүлөрдү киргизүү аракеттери калыптанат.

6. Билим берүү кызматынын жаңы формаларын билим берүү процессине киргизүү мүмкүндүгү үчүн маркетингдик ишмердүүлүктүн өздүк концепциясын өнүктүрүүнү учурдагы социалдык-экономикалык жагдай талап кылат. Алар төмөнкүлөр: окуу процессинин сапатын өркүндөтүү концепциясы, бүтүрүүчүлөрдүн деңгээлин көтөрүү концепциясы, билим берүү процессин интенсификациялоо концепциясы жана жогорку этикалык нормалардын алкагында социалдык маанилүүлүк концепциясы.

7. Окууга түрткү берүүнү жогорулатуучу жана ортонку чөлкөмдөгү (звенодогу) медициналык кызматкерлерди даярдоонун сапатына таасир көрсөтүүчү маанилүү фактор болуп дарылоо-профилактыкалык мекемелериндеги практикалык ишмердүүлүктөрдүн негиздерин студенттердин билиши саналат. Бул маселени ишке ашыруу үчүн ОшМУнун алдындагы Медициналык колледж менен Кыргыз республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу дарылоочу-профилактикалык мекемелердин ортосундагы окуу процесси менен практиканын өз ара жалгашуусун мүнөздөөчү тыкыз байланыш зарыл.

8. ОшМУнун алдындагы Медициналык колледжинин бардык багыттардагы ишмердүүлүгүнүн ийгиликтери колледждин жагымдуу имиджине көп байланышат. Аны пайда кылуу бул багытта үзүрлүү көп иштөө менен коштолот жана негизги максаты билим берүү процессине потенциалдык кардарларды тартуу болуп саналат. Билим берүү кызматын пайдалануучу кардарлардын, ОшМУнун алдындагы медициналык колледжинин өнөктөштөрүнүн, колледж окуу-тарбия процессин жогорку деңгээлде алып барууга жөндөмдүү экендигине ишеничи зор болушу зарыл.

Имидж абитуриенттерди компромисссиз жана адилеттүү конкурстук тандоого, колледждин керегесинде үстөмдүк кылган жогорку интеллектуалдык жана  жогорку нравалык чөйрөгө негиздениши керек.  Кызматчылардын, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн жогорку коомдук активдүүлүгү, иштеген дарылоочу-профилактикалык мекемелердин практикалык ишмердүүлүгүнө көрсөткөн таасирлери имидждин калыптануусуна түрткү берет.

Бул стратегия туралуу жетекчилик жана жалпы проффессордук окутуучулук курамынын маалыматы бар жана тереё түшүнүшөт. Колледждеги билим берүү  программасы стратегиянын ичинде кеёири баяндалган.

1.3. Колледждин Админстративдик башкаруу персоналы жана проффессордук окутуучулук курамы колледждин миссиясы боюнча так маалыматы бар. Анткени 1-курска студент келгенде эле маалымат берилет.

**2023-2024-окуу жылында аткарыла турган иштер**

1. **Уюштуруу жана маалымдоо багытындагы иштер**

| № | Иш чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Колледждеги Аялдар кеңешинин иштеринин жылдык планын иштеп чыгуу жана жылдык планды бекиттирүү | 20-сентябрга чейин | Аялдар кеңешинин төрайымы, колледждеги ар бир куратор,ар бир тайпадагы Аялдар кеңешинин мүчөлөрү (Кыздар кеңешинин төрайымдары) (кыздар коомчулуктары) |
| 2. | Колледждеги Аялдар кеңешинин курамын тактоо жана бекитүү<br>Ар бир ПЦК дан Аялдар кеңешине мүчө шайлоо | 25-сентябрга чейин | Колледждин Аялдар кеңешинин төрайымы, Аялдар кеңешинин мүчөлөрүжана кураторлор |
| 3. | Колледждеги биринчи курстардагы Аялдар кеңешинин мүчөлөрүн (Кыздар кеңешинин төрайымдарын) тактоо | Октябрь | Колледждин Аялдар кеңешинин төрайымы жана кураторлор |
| 4. | Кыздар кеңешинин төрайымдары менен жыйындар | айына бир жолу | Ар бир тайпадагы Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары |
| 5. | Жатаканалардагы кыздар менен жолугушуу | Системалуу | Ар бир тайпанын Аялдар кеңешинин төрайымдары, жатаканалардын коменданттары жана кураторлор |

2. **Адеп-ахлактык, улуттук дөөлөттөргө, гуманизмге тарбиялоо боюнча иштер**

| № | Иш чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| | Даталуу күндөрдү белгилөө иш чараларын уюштуруу | Системалуу | Колледждин тарбия иштери боюнча жооптулары<br>Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары |
| | “Инсандын адеп-ахлактык өнүгүүсү боюнча иш чара (талкуу, студенттердин окуу учурундагы кийинүүсү, кесиптик форма кийүүсү боюнча тегерек стол, жолугушуу ж.б.у.с.) уюштуруу | Системалуу | Дин жаатындагы устазалар Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары |
| | “Студент өзүнүн окуп-үйрөнүү ишмердигин кандайча уюштуруусу керек?”<br>Студенттердин өз алдынча иштөөсү боюнча талкуу. | Системалуу | Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары |
| | Социалдык тармактардын мүмкүнчүлүктөрүн туура пайдалануу боюнча тегерек стол өткөрүү | Системалуу | Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары |
| | “ Ош шаары тазалыкты сүйөт” ишембилигин өткөрүү | Март | Колледждин жамааты Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары |
| | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 9-май жеңищ күнүнө карата “Жеңиштин баасы кымбат” атуу дубал гезиттердин сынагын уюштуруу | Май | Колледждин жамааты<br>Кураторлор<br>Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары |

**3.Маданий эстетикалык тарбия жана студенттердин чыгармачылыгын өнүктүрүү багытындагы иштер**

| № | Иш чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| | Адистен кеңеш алуу, адис менен жолугушуу иш чараларын уюштуруу жана өткөрүү<br>Акушер гинекологдор менен жолугушуу уюштуруу. | Октябрь | Аялдар кеңешинин төрайымдары<br>Акушердик жана педиатриялык дисциплиналар ПЦКсынын окутуучулары |
| | “Үлгүлүү жүрүш – турушум коомго кошкон үлүшүм” адеп-ахлактык тарбияны жолго коюну ишке ашыруу .<br>Адистен кеңеш алуу, адис менен жолугушуу иш чараларын уюштуруу жана өткөрүү.<br>Психологдор менен жолугушуу (Сүйлөөнүн, жүрүм турумдун этикасы) уюштуруу. | системалуу | Аялдар кеңешинин төрайымдары<br>Коомдук дисциплиналар ПЦКсынын окутуучулары |
| | “Күз берекеси” мөмө – жемиштерди коозд оп кесүү жана кол өнөрчүлүк боюнча кароо сынак уюштуруу | Октябрь | Аялдар кеңешинин төрайымдары<br>Медайым ишинин негиздери ПЦКсынын окутуучулары |
| | Студенттердин майрамына карата ЖОЖдор аралык бий фестивалына колледждин таланттуу кыздарын катыштыруу | Ноябрь | Тарбия иштери боюнча жооптулар,жаштар комитети,<br>Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары |
| | Жаны жылдык иш чаралар | декабрь | Тарбия иштери боюнча жооптулар,жаштар комитети,<br>Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары |
| | ОшМУ да театр күнүнө карата иш чарага колледждеги таланттуу кыздарды катыштыруу | февраль | ОшМУнун факультеттердин аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары. |
| | Студенттик ийримдердин ишин жыйынтыгын коомчулукка алып чыккан иш чарага катышуу | апрель | Таланттар академиясы, Тарбиялык иштер боюнча жооптуулар<br>Аялдар кеңешинин төрайымдары |

**4.ОшМУнун эжекелеринин жана кыздардын ден соолугун чыңдоо, спортко, сергек жашоого үндөө багытындагы иштер**

| № | Иш чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| | Жугуштуу ооруларды, курч респиратордук вирустук, инфекциялык ооруларды алдын алуу боюнча адистер менен жолугушуу | Системалуу | Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары Терапиялык дсциплиналар ПЦКсынын окутуучулары. |
| | “СПИДди токтотобуз, Кыргызстанды сактайбыз” иш чараларды уюштуруу | Декабрь | Аялдар кеңешинин төрайымдары жана кыздар коомчулуктары Терапиялык дсциплиналар ПЦКсынын окутуучулары. |
| | Мугалимдер жана студенттер арасындагы мелдештер | Системалуу | Колледждин Тарбия иштери боюнча жооптуулары жана Аялдаркеңешинин төрайымдары. |
| | Эжекелер арасында спорттук мелдештерди уюштуруу | Февраль | ОшМУнун аялдар кеңеши спорт секторлор |
| | “Дени сак аял-дени сак улут” урааны менен алыс аралыкка чуркоо иш чарасын уюштуруу | Март | ОшМУнун жана факультеттердин аялдар кеңешинин төрайыдары, кыздар коомчулуктары. Окуу жайдагы баардык окутуучулар |

**Түзгөн:**

**Медициналык колледждин**
**Аялдар кеңешинин төрайымы**
**У.А. Чотурова**